# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА ИМ. И. АРАБАЕВА

ISBN 1654-5611

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН**

**ЖАРЧЫСЫ**

**ЧЫГАРЫЛЫШЫ: 1 (2017)**

**Серия: педагогика жана психология**

**2 БӨЛҮК**

**Педагогика илимдеринин доктору, профессор АБДЫКЕРИМ МУРАТОВДУН 60 жылдык маарекесине карата «Ааламдашуу доорундагы адабият менен педагогиканын орду» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясы**

**(12-май, 2017-жыл)**

**Жарыяланган макалалардын бардыгы редакциянын көз карашын билдирбейт. Чыккан материалдар Жогорку Улуттук Аттестация комиссиясы тарабынан илимий макала катары кабыл алынат.**

**Журнал Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинен каттоодон өткөн.**

**Журнал Кыргыз Республикасында жана КМШ өлкөлөрүндө таркатылат.**

**ISBN 1654–5611**

**Дареги: Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51**

**Тел.: 66–39–90**

**«Maxprint» басмаканасында басылды.**

**Башкы редакциялык коллегия:**

1. **Абдырахманов Т.А. –** т.и.д., профессор, башкы редактор
2. **Каниметов Э.Ж. –** ф.и.к., доцент
3. **Конурбаев Т.А.** – психол.и.к., доцент

**Редакциялык коллегиянын мүчөлөрү:**

1. Калдыбаева А.Т. – п.и.д., профессор
2. Муратов А.Ж. – п.и.д., профессор
3. Мусаев С.Ж.– ф.и.д., КР УИА мүчө-корр.
4. Алиев Ш.А.. – п.и.д., профессор
5. Акиева Г.С. – п.и.д., профессор
6. Чоров М.Ж. – п.и.д., профессор
7. Панкова Т.В. – п.и.д., профессор

**Педагогика сериясынын редакциялык коллегиясы:**

1. Эсенгулова М.М. – п.и.к., доцент
2. Койлубаева Н.К. – п.и.к.,доценттин м.а.
3. Иманкулова С.Э. – п.и.к., доценттин м.а.
4. БектуровТ.М. – п.и.к., ага окутуучу

## МАЗМУНУ

## 4-СЕКЦИЯ

### КЫРГЫЗ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫ ИЗИЛДӨӨСҮНҮН ЗАМАНБАП МИЛДЕТТЕРИ, ТАРЫХЫЙ ЭВОЛЮЦИЯСЫ, МЕТОДИКАСЫ, МЕТОДОЛОГИЯСЫ

### МЕТОДОЛОГИЯ, МЕТОДИКА, ИСТОРИЧЕСКАЯ ЭВОЛЮЦИЯ И СОВРЕМЕННЫЕ ЗАДАЧИ ИЗУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКИ


***Байгазиев С.***
Өлкөбүздөгү бүгүнкү адеп тарбиясы: абалы жана проблемалары .......... 7

***Аалиева Ш.К.***
"Манас" эпосундагы кыргыз пассионаризмин изилдөөдөгү негизги проблемалары .......... 17

***Абдраева Н.Э.***
Элдик каада-салт ырлары – баланы тарбиялоонун башкы каражаты .......... 19

***Абдубалиева Б. Ж.***
Байыркы акылман ойлор .......... 21

***Ажыбаева Н.Э.***
Абдылдабек Алымбек уулу-өз доорунун чыгаан инсаны .......... 25

***Алымбаева Б.Б., Сабырова Э. С.***
Этнопедагогические особенности семейного воспитания девочек .......... 28

***Анарбаева Г. А.***
«Манас» эпосу элдик тарбия таалим казынасы .......... 31

***Аман кызы Бактыгул***
Жеңижоктун чыгармаларындагы даанышмандык ойлор .......... 34

***Амираева Л.***
Кол өнөрчүлүк ийримдеринде 7-8 класстын окуучуларына Чий чырмоону үйрөтүү .......... 37

***Баялиева А.С.***
Макал-ылакаптар жаштарды демократиялуулукка тарбиялоонун каражаты катары. .......... 40

***Ботоканова Г. Т.***
Традиционная культура в условиях глобализации .......... 43

***Жантаев А.С. Аскар уулу Таалайбек***
Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөздүгүндө» адеп, тарбия жана маданият маселелеринин камтылышы .......... 48

***Жантелиева Н.Г,***
Эпос «Манас» в исследованиях А.Н.Бернштама .......... 51

***Жумабаев Э.Т. Эралиева Э.Т***
Этнопедагогические проблемы формирования человеческих ценностей и формирование готовности молодого поколения к трудовой и семейной жизни. .......... 54

***Жумаева Г.З.***
Токтогул акындын устат -шакирт өнөрканасынын өзгөчөлүгү .......... 57

***Жуматаева А.С.***
Салттуу билимдерди колдонуунун көйгөйлөрү .......... 61

***Каденова Ж.Т.***
Манас баатырды табиятты сүйүүгө тарбиялоо .......... 63




заверяю
КГУ им. И.

## 5-СЕКЦИЯ

## КР МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА МЕКТЕП БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА ПЕРСПЕКТИВАСЫ
## РАЗВИТИЕ И ПЕРСПЕКТИВЫ ДОШКОЛЬНОГО И ШКОЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КР


***Абдухамидова Б.А.***
Адабий окуу сабагында окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүгө карата көнүгүүлөр топтому жана алар менен иштөө жолдору ........ 142

***Адылбек кызы Гулназ, Сулайманова Р.Т.***
Формирование детской рефлексии как важное требование к современному учителю начальной школы ........ 146

***Ахаева Н.В***
Методологические подходы в обучении одаренных детей дошкольного и младшего школьного возраста ........ 150

***Егемкулова А.***
Обработки А.У. Укурчинова для детского хора ........ 152

***Жаныбекова Г. Ж., А. М. Горький***
Игра как средство формирования отношений детей дошкольного возраста разных национальностей ........ 155

***Жолдошова Б.***
Кенже класс окуучуларынын калыптануусуна креативдүүлүктүн тийгизген таасири ........ 157

***Жороева А. Р.***
Мектепке чейинки курактагы балдардын инсандык калыптануусуна фольклордун таасири ........ 160

***Карасартова Ж.Б., Өмүрбекова Ч. У.***
Балдарды тарбиялоодо Ч.Айтматовдун чыгармаларынын өзгөчөлүктөрү ........ 164

***Конокбаева А. Н.***
Роль семьи в нравственном воспитании ребёнка ........ 166

***Кумашова А.А.***
Логикалык маселелерди чыгарууда ой жүгүртүүнүн кээ бир ыкмаларын колдонуу ........ 169

***Муратова А.М., Каласалиева М.***
Адеп – ахлак тарбиясында үй бүлөөнүн ролу ........ 171

***Мустафа Карадаг***

Башталгыч класстын окуучуларына толеранттуулукту калыптандырууда дифференцирлеп окутуунун мааниси ........ 174

***Омурбаева Д. К., Нуркулова М.Р.***
Использование наглядности на современном этапе обучения русскому языку в начальной кыргызской школе ........ 178

***Орусбаева Т.А.***
Проблемы языкового воспитания в дошкольных образовательных организациях ........ 182

***Осекова Т.К.***
Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргыз тили жана окуу сабактарында компетентүүлүктөрдү калыптандырууда мугалимдин ролу ........ 184

***Сейталиева Э. С., Рахимова А.***
Развитие познавательной самостоятельной деятельности учащихся ........ 188

детского коллектива и навыков коллективного поведения. В руках умелого педагога игра может стать средством воспитания детей.

**Использованная итература:**


1. Асанбаева Б.И., Масликова Н.А. Эффективные инструменты многоязычного образования. Методические рекомендации для практиков дошкольного образования. Бишкек – 2015.
2. Болотина Л.Р., Комарова Т.С. «Дошкольная педагогика» Москва – 1998
3. Запорожец А. В., Маркова Т. А. Игра и её роль в развитии ребёнка дошкольного возраста. – М., 1978.
4. Концепция поликультурного и многоязычного образования в Кыргызской Республике. Бишкек – 2009
5. Руководство по развитию и образования детей от трех до семи лет. МОиН КР Бишкек-2014.
6. Уметов Т.Э. Игра, в системе народной педагогики. – Бишкек, 1998


**УДК: 372.2**

***Жолдошова Б.,***
*И.Арабаев атындыгы*
*КМУнун педагогика кафедрасынын ага окутуучусу*

## КЕНЖЕ КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУНА КРЕАТИВДҮҮЛҮКТҮН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

***Түйүндү сөздөр:*** *кенже класс окуучулары, креативдүүлүк,калыптануу, жөндөмдүүлүк, ...рмачылык.*

***Аннотация.*** *Бул макала кенже класс окуучуларынын креативдүүлүгүнүн калыптануусуна арналат.*

***Жолдошова Б.,***
*старший преподаватель*
*кафедры педагогики КГУ им. И.Арабаева*

## ВЛИЯНИЕ КРЕАТИВНОСТИ В ФОРМИРОВАНИИ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ

*Ключевые слова: учащиесия начальных классов, креативность, формирование, способность.*

*Аннотация. Статья посвящена анализу формирования креативности начальных классов, способность.*

*Key words:creative abilities, primery school pupils, independence.*

*Annotation. The article is devoted to the analysis of the formation of creativity of primary classes, ability.*

Биз жашап жаткан коомдо билим адамдын тарыхында абдан эле бийиктеди. Маалымат кылымында ... жаткан билимдин сапаты да, баасы да тынымсыз жогорулап жатат.

Ошондуктан, азыркы кезде баланын мектептен алган билими анын креативдуулук жактан ...ануусуна пайдалуу, ар тараптуу жана өз алдынча ойлоно алууга үйрөтүүгө тийиш болуудабыз. ...тан, биз баланы кенже класстарда эле өз алдынча болуусуна, өзүнө-өзү жоопкерчликтүү жана туура ... кабыл алуусуна көмөк көрсөтүшүбүз керек.

Көптөгөн педагогдор менен психологдор кенже класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн ...ндыруу керек экендигин белгилешүүдө. Ошентсе дагы керативдүүлүктү калыптандырууда ...ер жетишээрлик. Окуучулардын креативдик акыл-ойун калыптандырууга карата жасалган негизги ... көптөгөн мугалимдердин креативдүүлүк ишмердүүлүктүн маанисин түшүнө албай ...ндыгында. Бул болсо балдардын таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгүнөн көрүнүүдө. Ал болсо ...чулардын креативдүүлүк жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшүнө, таанып – билүүчүлүк ишмердүүлүгүнө ...оолдук кана жаратпастан, ошону менен бирге баланын кулк мүнөзүндө креативдүүлүк жөндөмү бар ...чулардын укуктарын чектөөдө.

Мугалимдердин окуучуларга болгон төмөндөгү биз белгилеп кете тургандай мамилелери баланын креативдик калыптануударына терс таасирин тийгизет:

- Мугалимдин окуучуга тескери болгон сын пикири;
- Баланын эркиндигин чектелуусү;
- Аткарып жаткан ишмердүүлүктө колдоо көрсөтбөөчүлүктордун болушу;

Окумуштуулар баланын креативдүүлүк жактан калыптанууларынын эки түрдүү деңгээли боло тургандыгын далилдешкен.

1. Репродуктивдүү - билимди даяр түрдө кабыл алуу, өздөштүрүү деңгээли болсо.
2. Креативдүүлүк – жаңы нерсени ойлоп табууга багытталган жөндөмдүүлүктөрдүн деңгээли.

Кененирээк токтоло турган болсок: Репродуктивдүү дегенибиз – мында окуучу изилденип жаткан объект, предмет жөнүндө маалыматтар боюнча кайсы бир деңгээлде өз алдынча жыйынтык чыгара алышат. Ошондуктан, окуучулар предмет боюнча сүрөттөп түшүндүрүп жана ар түрдүү абалдарды аныктоо менен бирге анализ жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. [1, 161-б]

Креативдүүлүк дегенибиз – бул инсандын туруктуу интегралдык касиети, ал анын чыгармачылыктуу изденүү жөндөмүн, жаңы нерселерди кабыл алууга, стандарттык эмес ой жүгүртүүгө, көптөгөн оригиналдуу жана пайдалуу идеяларды жаратууну мүнөздөйт.

Андыктан бүгүнкү күндө башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүк жактан калыптануруларына төмөндөгүдөй шарттарды ишке ашыруу талап кылынат:

1. Кенже класстын окуучуларынын креативдүүлүк жактан калыптанууларына багытталган мугалимдин колдоосу;
2. Кенже класстын окуучуларына дайыма, туруктуу, уюмдаштырылган креативдик жагдайды түзүп берүү;
3. Кенже класстын окуучуларынын креативдүүлүк жактан калыптанууларына арналган ой жүгүртүүчүлүк ишмердүүлүктөрдүн болуусу. Ошондой эле ой жүгүртүүчүлүк деңгээл дайыма бийиктей берүүсү керек.
4. Эң негизгиси балага өзү каалаган ишмердүүлүктү тандоо эркиндигине ээ болуусу;
5. Улуулардын камкордугу,жардамы.

Креативдүүлүк жактанкалыптандырууда адабий окуу предметинде кенже класстын окуучуларынын аң-сезимине сөз өстүрүү өнөрү чоң таасирин тийгизет. Бул боюнча мектептерде адабий окуу сабактарында берилген чыгармалар баланын дүйнө таанымына, сүйлөө речин байытууга, адамдар менен өз турмушунда мамилелешүүгө оң пайдасын тийгизет жана окуучунун сөз байлыгында өздүк жеке пикири, дүйнөгө болгон көз-карашы пайда болот. Ошону менен бирге кенже класстын окуучуларына билим гана берип койбостон, алардын кабыл алуусуна, сезим – туюмуна, эркинин калыптанышына да таасирин тийгизет. Окуучуларды креативдүүлук жактан калыптандыруу үчүн алардын чыгармачылык менен иштөөсүн, изденүүсүн талап кылуу шартка ылайык.

Биз мындан чыгармачылык деген сөздүн маанисин чечмелей турган болсок. Чыгармачылык деген эмне?

1. Чыгармачылык – адам ишмердүүлүгүнүнөзгөчө түрү. Балдардагы чыгармачылык ишмердүүлүктүн өзгөчөлүгү алардын курактык өзгөчөлүгүнөн келип чыгат. Баланын курактык жана физиологиялык өнүгүү өзгөчөлүгүнө негизделген курактык бөлүштүрүү илимий адабияттарда алты этап менен белгиленген. Балалыктын ар бир этабында адам баласына таандык ишмердүүлүктүн тигил же бул түрү үстөмдүк кылары илимий психологияда эбак далилденген. Мектепке чейинки балдардын негизги ишмердүүлүгү оюн болсо, ал эми мектепке келгенден баштап окуу ишмердүүлүгү биринчи орунга чыгат. Мектеп жашындагы кенже балдардын сөзгө болгон кызыгуусунун өнүгүшүнө алардын социалдык абалы чоң өбөлгө түзөт. Мектепке келгенден баштап алар расмий түрдө сүйлөө муктаждыгына (мугалимдин суроосуна жооп берүү үчүн, үйгө келгенде ата-энеге мектептен берилген тапшырмаларды түшүндүрүү үчүн) ээ болушат. Натыйжада алар сүйлөмүн логикалык жактан туура уюштурбаса, баарлашуу чөйрөсүндөөздөрүн түшүндүрө албай жатканын сезе башташат. Ошондой эле күндөн – күнгө оюн ишмердүүлүгү өз ордун окуу ишмердүүлүгүнө бошотуп бере баштайт да, паралелдүү түрдө сүрөт тартууга кумарлануу процесси артта калып, балада сөз чыгармачылыгына шыктануу ойгонот. [2,17-б.]

2. Ал эми педагогикалык энциклопедияда: «Чыгармачылык – адамдын иш-аракетиндеги активдүүлүктүн жана өз алдынчалыктын жогорку формасы. Бул – бир нерсени өзгөртүү, өркүндөтүү, жаңыны, оригиналдууну киргизүү, жаратуу муктаждыгы» экендиги белгиленген.

Адабий окуу сабагында чыгармаларды окуп, түшүнүп жана аны айтып берүүдө, окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү үчүн мугалим сабакта чыгармачылык ишмердүүлүктөрдү көбүрөөк уюштуруп, өткөрүүсү зарыл. Мугалим чыгармачылык ишмердүүлүктү баланын кабыл алуусуна, кызыгуусуна, ой жүгүртүүсүнө, жаш өзгөчөлүгүнө жараша өткөрүүсү абзел. Ал үчүн мугалимге төмөнкүдөй милдеттер коюлат:

1. Бала текстти окуп, түшүнүп, чечим кабыл алып, аны көркөмдөп айтып берүүсүнө көмөк көрсотүүсү;
2. Чыгармачылык менен иштөөдө класстагы бир гана окуучуга көңүл бөлбөстөн, калган класстын жалпы жамаатына чыгармачылык менен иштөөгө багыт берүүсү;
3. Мугалим – окуучу үчүн үлгү жана идеал боло алат. Мугалимдин чыгармадагы окуянын мазмунуна карата образ жаратып, аткаруучулук, аны жазуучулук чеберчилигин көрсөтсө, окуучулар мугалимдин ишмердүүлүгүн өзгөчө кабыл алышат жана аларды өздөрүнө сиңирүүгө аракет жасашат. Дайыма чыгармачылык менен алектенген мугалимдин окуучулары да чыгармачылык менен иштөөгө жөндөмдүү болушат.

Чыгармачылык ишмердүүлүктүн негизинде окуучуларда креативдүүлүк жактанкалыптануучулугу пайда болот. «Креативдүүлүк деген сөзгө түшүндүрмө бере турган болсок: «Креативдүүлүк» - латын тилинен которгондо creatio – түзүү, жаратуу дегенди түшүндүрөт. Башкача айтканда адамдын ой жүгүртүүсүндө, сезиминде, айрым бир ишмердүүлүгүндө инсандык сапаттарын мүнөздөй турган чыгармачылык мүмкүнчүлүгү же, жөндөмдүүлүгү, [3, 314-б.].

Жөндөмдүүлүк дегенибиз – булбир чөйрөдө, бирдей шартта жашаса дагы, кээ бир адамдар ар түрдүү ийгиликтерге жетишкенге үлгүрүшөт, мына ушундай айырмачылык жөндөмдүүлүк деп аталат. Жөндөмдүүлүк жөнүндө көбүрөөк илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн окумуштуу Б.М.Теплов болгон, ал жөндөмдүүлүктүн үч белгисин көрсөткөн:

1. Жөндөмдүүлүк жекече-психологиялык өзгөчөлүк, ошол өзгөчөлүгү менен адамдар бири-биринен айырмаланышат;

2. Жөндөмдүүлүк—бул адамдардагы жекече гана ар кандай өзгөчөлүктөр эмес, ал ошондой адамдардын бир нече ишмердүүлүгүнөн ийгиликтерге жетишкендиги эсептелинет;

3. Жөндөмдүүлүк—адамдын калыптанып, өнүгүп калган билимине, машыгуусуна байланыштуу эмес. Ошондой эле тез-тез машыгуудан эптүүлүк, билгичтик жөндөмдүү болгонго жол ачат.

С.Джолдошбекованын пикири боюнча дайыма, талыкпаган туруктуу практикалык машыгуулардын, үйрөнүүлөрдүн негизинде адамдын ишмердүүлүгүнүн татаал түрү болуп эсептелген музыканы, техникалык жана көркөм чыгармачылыкты, математиканы, спортту ж.б.у.с. биз, үзгүлтүккө учуратпай, дайыма кайталоонун жана эмгектенүүнүн үстүндө биз өзүбүзгө ылайыктуу жөндөмдүүлүктөрдү өстүрө алабыз.

Кенже класс окуучусунун креативдүүлүк жөндөмү барыдан мурда туруктуулукту жана бир нерсеге болгон каалоону талап кылат жана анын андан ары өнүгүшүнөн көз каранды болот. Башкача айтканда, мектепте алынган орто билим, эгер мектепокуучулардагы айырма окууга болгон муктаждыкты түзсө, андан ары билимдердин толукталышы үчүн ишенимдүү база ошондой эле эгер мектеп алардагы чыгармачылык күчтү ойготсо, акыл эмгегинин рационалдуу ыкмалары менен кулактандырылса, маалыматтын чоң агымына багыт жасоого жана маалыматтарды табууга үйрөтсө алардагы ойдун активдүү өз алдынчаиштөөсүн жөнгө салат.Бул үчүн окуу процессинде негизги жүк окуучулардын эске тутуусуна эмес алардын ой жүгүртүүсүнө тура келиши керек, анткени окутуунун негизи окуучулардын өндүрүүчү ишмердүүлүгү эмес, чыгармачылык ишмердүүлүгү болушу керек. Билимдин маанилүү бөлүгүн окуучулар даяр түрүндө эмес, жаңы тапшырмаларды чечүүнүн ыкмалары менен маалыматты өз алдынча издөө процессинде өздөштүрүүсү зарыл.

С.Л. Рубинштейн адамдын жөндөмдүүлүгү иштеген ишине, чөйрөгө карата өнүгөт, ал эми билим алууда ишмердүүлүк мааниге ээ деп жалпылайт. «Инсандын психикалык сапаттары жөндөм менен мүнөз, адам жаралгандан кийин жашоо процессинде калыптанат. Ал өзгөчөлүктөрдү өзгөртүүгө мүмкүндүк берүүчү табигый сапат шык болуп эсептелет. Табигый шыкка ылайык адамдагы психикалык сапаттар ишмердүүлүккө жана чөйрөгө байланыштуу өзгөрүп өнүгөт. Эмгектенүү менен жөндөмдүүлүгү өркүндөйт».

«Жөндөм» түшүнүгүнүн философиялык жана психологиялык изилдөөлөрдө кабыл алынган аныктамаларын анализдөөнүн негизинде, биз жөндөмдөр инсандын ишмердүүлүккө ээ болуу процессинде байкалган жана өнүккөн, анын натыйжалуулугун камсыздаган касиеттери менен сапаттарынын синтези деген бүтүмгө келдик.

Биздин оюбузча жөндөм калыптанууда гана орун алат деген жобо маанилүү. Буга негиз катары С.Л.Рубинштейндин изилдөөлөрү кызмат кылды. Ал изилдөөлөрдө жөндөмдөрдүн калыптануу жана өнүгүү процесси «бир деңгээлдеги жөндөм болуп саналган мүмкүнчүлүктү ишке ашыруу кийинки өнүгүү үчүн, кыйла жогорку деңгээлдеги жөндөмдүн өнүгүшү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат» деген спираль боюнча жүрүп, бул процесстин өзгөчөлүгү болуп саналаары белгиленген.

Л.С. Выготскийдин пикири боюнча «Бир жөндөмдүүлүктүн өнүгүшү менен бир нече жөндөмдүүлүк өнүгөт. Билим берүүнүн милдети ой жүгүртүүнү жөндөмдүүлүгүн өстүрүү эле эмес, түрдүү предметтерди окуу аркылуу атайын түрдө нечендеген жөндөмдүүлүктү өстүрүү болуп эсептелет».

И.Б. Бекбоев таанып билүү процесстеринин негизги компоненттери билим, билгичтик жана көндүмдөрдөн айырмаланган чыгармачылык менен эмгектенүү тажрыйбасын окуучу өзү үчүн жаңылык болгон проблемаларды чечүү жолу менен өздөштүрө аларын белгилеген.

Демек, «жөндөмдүүлүк – бул инсандын өзгөчө маанидеги мүмкүнчүлүгү, билгичтиги, көндүмү жана эвристикалык ыкмаларыошондой эле инсандын ишмердүүлүгүн жана өзүн мүнөздөйт» [4, 112-б].

Мугалим качан гана окуу материалын өзүнүн кабылдоосу аркылуу бергенде, ал окуучуларга материалга карата белгилүү бир мамилени моделдейт, ал болсо:

- Темага тактыкты, ишенимдүүлүктү берет;
- Мулагим өз тажрыйбасында өзүнүн оюн, мамилесин, баалоосун, таасиринбилүү кубанычын башынан өткөрүүсү окуучуларга шык берет, бул болсо окуучулардын рефлексиясын өнүктүрүүгө жардам берет;

- Окуучуларга алардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө көмөк берүү темага жана мазмунуна жаңыча кароого жардам берет;
- Сабакта ишенимдүүлүк, ак ниеттүүлүк жагдайын, «эмоционалдуу» талааны түзөт. Мына ушундай жагдайда гана жекече чыгармачылык болот.

«Креативдүүлүк жактан калыптануударында» баланын таанып-билүүчүлүк, эмоционалдык-эрктик жана аракеттик-практикалык чөйрөлөрүндө жаңы сапаттык мүнөздөмөлөрдүн пайда болушуна негиз берген инсандык сапаттарынынкалыптанышын түшүнөбүз.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Э.Мамбетакунов, Т.Сияев. Педагогиканын негиздери. – Бишкек, 2008ж.
2. У.Б.Култаева. Окуучулардын адабий чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн методикасы. – Бишкек, 2006ж.
3. М.А.Сатыбекова. Азыркы шарттарда билим берүү системасында креативдүү педагогиканын ролу. – Бишкек, 314-б.
4. Бекбоев И. Педагогикалык процесс: эскики көнүмүштөр жана жаңычыл көз караштар. – Бишкек, 2005.
5. Л.П.Крившенко. Педагогика. Москва-2010.

***Жороева А. Р.,***

*Аспирант, преподаватель*
*колледжа ОГПИ*

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН ИНСАНДЫК КАЛЫПТАНУУСУНА ФОЛЬКЛОРДУН ТААСИРИ

***Түйүндүү сөздөр:*** *фольклор, тарбия, балдар ырлары, жомок, инсандык калыптануу,курак, компетенттүүлүк, өркүндөтүү, элдик педагогика, негизги факторлор*

***Аннотация.*** *Азыркы учурда балдар фольклоруна кирген чыгармаларды педагогдор тарабынан изилденүүсү бул теманын актуалдуулугу болуп саналат. Элдик педагогика- практика, тарбия искусствосу катары педагогика илиминен да мурда калыптангандыгы, андан педагогика илими өнүгүп, байып турары, ошону менен бирге анын жардамы менен элдик педагогика өзү да өнүгөт. Макалада элдик оозеки чыгармачылыктын мектепке чейинки куракттагы балдардын инсандык калыптануусуна тийгизген таасири, ал үчүн педагогдун ишмердүүлүгү, чыгармачылыгы, тажрыйбасы, фольклордун ичинен балдар ырлары жана балдардын жомокторду үйрөнүүсүндө рухий дүйнөсүн байытууга чоң таасири бар экендиги учкай каралат.*

## ВЛИЯНИЕ ФОЛЬКЛОРА НА СТАНОВЛЕНИЕ ЛИЧНОСТИ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

***Ключевые слова:*** *фольклор, воспитание, детские песни, сказки, становление личности, возраст, компетентность, совершенствование, народная педагогика, основные факторы*

***Аннотация.*** *Актуальность данной темы на современном этапе обусловлена необходимостью изучения произведений детского фольклора педагогами, так как народная педагогика возникла, как практика, как искусство воспитания, она древнее педагогической науки, всегда обогащала её и, всю очередь, сама обогащалась ею. В публикации устного народного творчества влияние на становление личности детей дошкольного возраста является деятельность педагога, творчества, а также обогащения духовного мира и изучение чтение сказки, стихов фольклоре, в том числе рассматривается большое влияние на развитие духовного мира детей.*

***Жороева А. Р.,***

*Аспирант, ОГПИнин*
*колледжинин окутуучусу*

***Joroeva A.R.,***

*Postgraduate, teacher of the*
*Osh state pedagogical institute*

## THE INFLUENCE OF FOLKLORE ON THE FORMATION OF PERSONALITY OF CHILDREN OF PRESCHOOL AGE